| | |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасы**<br>**Ош облусу**<br>**Алай району**<br>**Кабылан-Көл айылдык кеңеши** | **Кыргызская Республика**<br>**Ошская область**<br>**Алайский район**<br>**Кабылан-Колский айильный кенеш** |

Кабылан-Көл айылдык Кеңешинин 6 – чакырылышынын кезектеги
7-отурумунун

ТОКТОМУ

2023-ж 3-октябрь. № 7 /1 Кабылан-Көл айылы

Калкка социалдык жардам көрсөтүүнүн
абалы жана берилген жардамдар жөнүндө

Калкка социалдык жардам көрсөтүүнүн абалы жана берилген жардамдар боюнча социалдык маселелер боюнча жетектөөчү адистин аткарган иштери жөнүндө талкуулап Кабылан-Көл айылдык Кеңешинин отуруму

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т :**

1. Калкка социалдык жардам көрсөтүүнүн абалы жана берилген жардамдар боюнча социалдык маселелер боюнча жетектөөчү адистин иштери айрым кемчиликтерди эске алуу менен айыл өкмөтү тарабынан жана жогору жактан берилген социалдык жардамдар өз дарегине жеткиликтүү берилип, иш алып барып жаткандыгы белгиленсин.

2. Айыл өкмөтү тарабынан жана жогору жактан берилген социалдык жардамдар өз дарегине жеткирүү максатында айыл өкмөтүндө төмөндөгүдөй курамда комиссия түзүлсүн:
   1. З.Абдыкадырова – Айылдык кенештин төрайымы, комиссиянын төрайымы;
   2. К.Шермамат кызы – социалдык иштер боюнча жетектөөчү адис;
   3. С.Матиева - айылдык кеңештин депутаты;
   4. А.Сатарова - айылдык кеңештин депутаты;
   5. Ж.Абдыкадыров -айылдык кеңештин депутаты;
   6. У.Кадыркулов - айыл башчы;
   7. А.Мурзаев - айыл башчы.

3. Айыл аймагына келген ар кандай социалдык жардамдарды туура, так өз дарегине жеткирүү жагын кароо комиссиянын курамына жүктөлсүн.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө саламаттыкты сактоо,билим берүү, социалдык маданий жана жаштар менен иштөө боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрайым: З.Абдыкадырова